2020 год

ОЮЛ Ассоциация общинных СМИ

Ассоциация Общинных СМИ

UNESCO

Организация Объединенных Наций по вопросам образования, науки и культуры

МПРК Международная программа развития коммуникации

Бюро в Алматы

UCA

Университет Центральной Азии

## Курстун аталышы "ЖАМААТТЫК ЖМК"

## Учебный курс "ОБЩИННЫЕ СМИ"

## Course Title "COMMUNITY MEDIA"



Бул окуу курсу студенттерди жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши, принциптери, түшүнүктөрү жана үлгүлөрү менен тааныштырат.

Этот предмет знакомит студентов с принципами, концепциями, моделями и практикой общинных СМИ

This course introduces students to the principles, concepts, models, and practices of community media.

3-топ
**Топ жетекчиси** *Асанова Алтын*, филология илимдеринин кандидаты, доцент, Бишкек мамлекеттик университетинин Журналистика жана маалыматтык системалар факультетинин деканы.
**Топтун мүчөлөрү:**
Бишкек мамлекеттик университетинин окутуучулары:
*Болотбекова Кымбат, Калыбекова Наргиза,*
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучулары:
*Кылычбаева Эльмира, Джумагазиева Нуржан*
*Султанова Жыпар*, Кыргыз-Россия Славян университетинин окутуучусу



# Курстун аталышы: “ЖАМААТТЫК ЖМК”

Бул окуу курсу студенттерди жамааттык жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши, принциптери, түшүнүктөрү жана үлгүлөрү менен тааныштырат. Kalinga Seneviratne (Калинга Сеневиратне) тарабынан иштелип чыккан окуу программасы Азия өлкөлөрүндөгү жамааттык радиомаданиятына көбүрөөк басым жасалгандыктан, окуу курсун жана окутуучуларга педагогикалык ишинде контекстуалдык жаңычыл ыкма - амалдарды колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Учурда Кыргызстанда эле жамааттык 4 радио жана 21 мультимедиа борборлору ачылган. Ошондуктан өлкөбүздө жамааттык ЖМКлардын интенсивдүү өнүгүшү бул курстун өлкөбүздүн жогорку окуу жайларынын Журналистика факультеттеринде окутуу зарылдыгын жана актуалдуулугун далилдейт жана жамааттык медианын форматын, функцияларын, өнүгүү шарттарын изилдөөгө жана аларга кадрларды даярдоого шарт түзөт.

**Канчанчы курс:** 3-деңгээл – “Журналистика” багыты боюнча бакалавриаттын үчүнчү курсунда окуп жаткан студенттерге тандоо сабагы (3-курс).

**Курс тууралуу кыскача маалымат:** Бүткүл дүйнө жүзүндөгү жалпыга маалымдоо каражаттары коммерциялык негизде иштөөгө өтүп жаткандыктан, жергиликтүү жамааттардагы ЖМКда, айрыкча, коомдун корголбогон, аярлуу топтору көп уккан радиожурналистика бир топ кыйынчылыктарга кабылды. Кыргызстанда коомдук, мамлекеттик, коммерциялык жана жамааттык ЖМКлар иштейт. Окуу курсунун максаты – студенттер сабактан үйрөнгөн радиожурналистика көндүмдөрүн жергиликтүү жамаатка арналган, жамаат менен биргеликте ишке ашырылган коммерциялык эмес радиодо, мультимедиада колдонууну үйрөтүү.

**Курстун максаттары:**

- кеңири катышууга негизделген коммуникация теорясын жергиликтүү жамаат менен биргеликте чыгарыла турган радоберүүлөрдү кандайча колдонууга боло турганын көрсөтүп берүү;
- жамааттык радионун принциптери жана концепциялары менен тааныштыруу;
- студенттерге жергиликтүү жааат менен биргеликте радоберүүлөрдү түзүү мүмкүнчүлүгүн уюштуруп берүү;
- студенттергежамааттык радио станцияларды /берүүлөрдү даярдоочу жамаатта иштөө жана/же аларды башкаруу көндүмдөрүн үйрөтүү.